**АЛИМОВА К.Т.**
**lib.knu@mail.ru**

# ИСЛАМ – УЛУТТУК ИДЕОЛОГИЯНЫН УЪГУСУ БОЛО АЛАБЫ?

1991-жылы Советтер Союзу кулап, Кыргыз Республикасы өз эгемендүүлүгүн алганда баарыбыз кубанганыбыз чын. Ошол күнкорсуздукту кансыз, тынчтык жолу менен жеңип алуу бул эки эсе кубаныч эле. Бирок, ал кубанычтын артында канчалык кыйынчылыктар турганын анда баарыбыз эле түшүнө берген жокпуз. Бийликти өз колуна алуу менен жаңы бийлик "борбордук башкаруусуз", өлкөнү өнүгүүнүн кайсы жолуна саларын билбей: "Биз өнүгүүнүн үчүнчү жолун тандап алдык"[1] – деп айтканы баарыбыздын эсибизде. Өнүгүүнүн тигил же бул жолу гана бар экенин тарых өзү көрсөтүп отурат. Биз каалайбызбы, каалабайбызбы бүгүн капиталисттик жол менен өнүгүүгө өттүк. Аны ар бирибиз моюнга алуубуз абзел. Союздун убагында кашыктап жыйнаганды чөмүчтөп чачып, Акаевдин бийлиги 15 жыл ичинде элге жексур көрүндү. Өлкөдө өндүрүш толугу менен талкаланып, тонолду. Акаевдин элге берген убадасы суу кечпей калды. Экономика кыйрап, элдин социалдык абалы туңгуюкка капталды. Ушундай абалда өлкөдө 2005-жылы революциялык кырдаал түзүлүп, түштүктөн башталган элдик революция 2005-жылдын 24-мартында жеңишке жетишти. Алдыда системаны өзгөртүү маселеси турат. Системаны өзгөртүү үчүн өлкөнүн өнүгүүсүн тактаган, коомду алга сүйрөгөн мамлекеттин улуттук идеологиясы болуу керек. Аталган бул маселе - эртең өлкөбүздүн, коомубуздун, биздин ар бирибиздин жашоо турмушубуз, келечегибизге, б.а. бүтүндөй тагдырыбызга өздөрүнүн зор таасирин тийгизе турган түшүнүк десек туура болмокчу. Алгач идеология деген эмне ошого токтолсок. Идеология (идея жана логия) – адамдардын турмушка, бири бирине болгон мамилелери, социалдык проблемалар жана конфликттер ырааттуу түрдө баамдалган, ошол эле учурда коомдук мамилелерди бекемдөөгө же өзгөртүүгө багытталган иш аракеттердин максатын чагылдырган көз караштардын жана идеялардын системасы[2. 590 б.]. Башка маалыматтарга карасак: Идеология – адамдардын чындыкка болгон мамилесин чагылдырган, таптык коомдо таптык мүнөзгө ээ саясий, укук, нравалык, диний, эстетикалык жана философиялык көз караштар менен идеялардын системасы[3 58 б.]. Идеология деген сөз гректердин idea (түшүнүк, кыял, элес) жана logos (окуу, таануу) деген эки сөзүнөн турат. Орустардын түшүндүрмө сөздүктөрүндө бул сөздүн эки мааниси берилет:

1. саясий мааниде алганда коомду мүнөздөй турган түшүнүктөрдүн, көз караштардын, кыялдануулардын, элестетүүлөрдүн системасы. Мисалы, коммунисттик идеология, буржуазиялык идеология, либералдык идеология ж.б.;
2. атайын маанисинде алганда белгилүү бир чечимге же аракетке негиз болуучу идеялардын жана талаптардын өз ара тыгыз байланышкан жыйындысы. Биз мамлекеттик идеология жөнүндө сөз кылганда ушул эки мааниси тең бирдей колдонула берет.

Алгач коммунисттик идеологияны алып карасак: "Советтик адамдарды коммунисттик ишенимдин духунда тарбиялоого, буржуазиялык идеологиянын ар түрдүү көрүнүштөрүнө, өткөндөгүнүн саркындыларына, анын ичинде динге, ар түрдүү эски үрп адаттарга каршы күрөшүүнүн духунда тарбиялоого багытталган"[4 58-б]. Совет доорунда көп нерсени өткөндөгүнүн саркындысы, эски үрп адат деп, динге каршы жүргүзүлгөн атеизмдин кесепетинен көптөгөн улуттук баалуулуктарыбыздан айрылып калганыбызды баарыбыз билебиз. Ал эми, Акаевдин мезгилинде эч кандай идеология болгон эмес деп келдик, философия илимдеринин доктору, Кыргыз-Орус Славян университетинин профессору К.Ажыбекова муну менен макул эмес: - Кайра куруу процесси башталганда коммунисттик идеологияны жок кылуу максатында эч кандай идеология кереги жок дегени менен мамлекеттик идеология болгон. 15 жылдык идеология байлардын жаңы классын, жаңы буржуазия, жаңы феодалдарды калыптандырууга жүргүзүлгөн мамлекеттик идеология эле. Ал идеологиянын көрүнүштөрү эмне эле? Анын бирден-бир негизги көрүнүшү -менчиктештирүү

болду. Социалисттик идеология эмгекчил адамдын кызыкчылыгын көздөгөн идеология болчу эмес беле. Ошону талкалоо үчүн идеология кереги жок деп чыгышкан. 15 жыл ичинде ишке ашырылган феодал буржуазиялык идеологиянын натыйжасында биз канча бай, канча кедей пайда болгонун көрүп жатабыз. Байлар жана орто байлар азыр бизде 15-20% болсо, 70-80% элибиз жакырчылыкка келди. Советтер Союзунун идеологиясын талкалаган идеология империализмдин диктаты менен келген идеология болчу. Алар өзүнүн экономикалык, социалдык, нравалык жактан чоң конкурентин талкалоо үчүн алар өлкөбүздүн экономикасын талкалашты. Натыйжада ар ким өз жеке көз карашын көздөгөн идеология менен жашап калганбыз[5]. Бирок ал мезгилде бирдиктүү бир идеологияны түзүү аракеттери да болгондугун айта кетүү керек. Бул жаатта Карасаев атындагы БГУнун профессору Т.Ишемкулов төмөнкүлөрдү билдирет: “Тарыхтан белгилүү го - идеология илимий же антиилимий, чыныгы же жалган, кээде турмушка ашпай турган иллюзордук жобого айланып, "ара төрөлгөн баланын" кейпин кийип калган учурлар да арбын кездешет. Буга мисал издеп, эч жакка буйдалбастан, өзүбүздүн кечээки эле жаңы (азырынча эч ким жокко чыгара элек) "Манастын жети осуятын" алсак жетиштүү болмокчу”[6]. Жогоруда кыргыз элинин акыркы 15 жыл ичинде кандай идеологиянын негизинде жашаганын көрдүк. Демек, бизге азыр буга дейре бизде болгон талап-тоноо жана иллюзияга айланган идеологиядан түп-тамырынан бери айырмаланган идеология керек. Бүгүн улуттук идеологияны иштеп чыгуу багытында да олуттуу кадамдар жасалып, ага байланыштуу Президенттин Жарлык, жоболору күчүнө толук кирип, "көч" өз ордунан жылды.

Ой учугун андан ары улаганда идеологиянын кандай түрлөрү бар деген суроо туулат, төмөндө биз бул тууралуу И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин ага окутуучусу, саясат таануучу А. Мамбеталиевдин пикирин билдиребиз:

1. Таптык күрөшкө негизделген идеологиялар. Мисалы, марксизм.
2. Адамдын жекече эркиндигин жактаган идеология - либерализм.
3. Жалпы коллективдин кызыкчылыктарына негизделген идеология – социализм.
4. Бир этникалык топтун же улуттун кызыкчылыгына негизделген идеология – национализм.
5. Салт-санааларга негизделген идеология – консерватизм.
6. Динге негизделген идеология – фундаментализм[7].

А.Мамбеталиев андан ары ар бир түрүнө түшүндүрмө берет: “Национализмдин лозунгу – “биринчи улут, андан кийин мамлекет”. Национализм бул терс идеология эмес. Муну нацизм менен чаташтырбоо керек. Кийинки учурдагы кыргыз тилине байланыштуу жарыяланып жаткан макалалар кыргыз тилинин, демек кыргыз элинин жоголуп бара жатышынан улам келип чыгып жатат.

Национализмдин максаты башка улуттарды жек көрүү эмес, тек гана улуттун көз карандысыздыгын жана өнүгүүсүн камсыз кылуу. Национализмди дайыма патриотизм, улуттук баалуулуктар, улуттук кызыкчылык, улуттук коопсуздук, улуттук аң-сезим деген түшүнүктөр жандай жүрөт.

Либерализм деген сөздүн уңгусунда эркиндик деген түшүнүк жатат. Бул идеология адам өз өмүрүн жана менчигин өзү каалагандай пайдаланууга эркиндик берүүнү максат кылат. Либерализм мамлекеттик бийликтин чектелишин, мыйзамдын өкүмдарлык кылышын, сөз эркиндигин, дин эркиндигин, менчиктин жана жекече ишкерликтин корголушун көздөйт.

Социализм–бул социалдык адилеттиктин принциптерине негизделген коомду курууга багытталган идеология. Социализм бир адамдын үстүнөн экинчи адамдын эзүү жүргүзүүсүнүн бардык формаларына каршы чыккан идеология.

Консерватизм (лат. conservo – сактоо) – жаңы нерселерди жактыра бербеген, реформаларга сыртын салган, прогресске скептицизм менен караган, анын ордуна эскичиликти, доору өтүп кеткен салттуу баалуулуктар менен тартипти жактаган идеология.

Фундаментализмди диний консерватизм деп койсо да болот. Бул да консерватизм сыяктуу эле ашкере модернизацияны, айрыкча диний чөйрөдө жаңыланууну жактырбаган идеология.

Кыргыз мамлекетинин шартында жогоруда айтылган идеологиялардын кайсынысын кабыл алуу керек, же башка идеология барбы? Бул боюнча кээ бир көз караштарды карап

көрсөк. К. Ажыбекованын пикиринде, бизге көп укладдуу экономиканы түзүү менен, мамлекеттик капитализмге негизделген идеология керек[5].

"Улуу Биримдик" улутчул-демократиялык партиясынын төрагасы Э. Каптагаевдин көз карашында биздин улуттук идеологиябыздын өзөгүн - кыргыз улуттук мамлекеттүүлүк идеясы түзөт [5]. Кыргыз Республикасынын мурдагы мамлекеттик катчысы Дастан Сарыгулов: "Бизге бабалардын улуу мурастарынан өткөн улуттук идеология жок" [9] деп эсептейт. "Менин оюмча Кыргызстан үчүн Дастан Сарыгуловдун идеясынан консерватизмди азайтып, анын ордун либералистик идея менен толтурса жакшы идеология чыкмак" [7] - деген оюн билдирет А. Мамбеталиев.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан 20 жылдан кийин ислам өлкөсүнө айланышы мүмкүн деген божомолдоолорду эске алсак, Кыргызстандын улуттук идеологиясынын уңгусун балким ислам түзүп жүрбөсүн деген суроо туулат. Исламдашуу процессинин жогорку көрсөткүчү Борбордук Азия чөлкөмүнөн Кыргызстанга мүнөздүү болушунун объективдүү да, субъективдүү да жагдайлары бар. Мисалы, Өзбекстанда авторитардык режим өз аймагында исламдын кеңири жайылышына бөгөт болуп келет. Учурдагы өзбек бийлиги да өзүнө коркунуч туудуруучу биринчи күч катары исламчыл оппозицияны көрөт. Ал эми, Кыргызстанда ислам дини расмий бийлик тарабынан ачык да, жабык да бут тосууларга кабылбагандыктан жыл өткөн сайын өз таасирин ийгиликтүү күчөтүп келет. Өткөн 15 жыл аралыгында мечиттердин саны 39дан 2500гө чейин өскөнү, өлкөнүн түштүгүндө ата энелер кыздарын мектепке хиджап менен жибере баштагандыгы ж.б. мунун айкын далили.

Ислам Дининен анын идеологиясы, доктринасы болгон курандан жана Мухаммед пайгамбардын хадистеринен коом үчүн зыяндуу бир нерсени чындыгында табуу кыйын. Бүгүнкү күндөгү чиновниктер болуп көрбөгөндөй коррупцияланган кылмыш дүйнөсү бар, анын негизинде мурунку рухий баалуулуктарынан ажырап калган, жаңысы али калыптанбаган өткөөл мезгилден ары өтө албаган өлкөдө жашагандан көрө, исламдык жолго түшүү Кыргызстандын өнүгүүсүн тездетээр деген да ойлор бар. Бул ойлорду сырткы күчтөр өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланбайт деп ким кепил боло алат. Бүгүнкү күндө салттуу исламдык ориентациядагы жарандардын санында эле эмес, сапаттык жагынан да өсүш бар. Беш маал намаз окугандардын катары жыл санап интеллегенция, илимпоздор, ишкерлер менен толукталууда. Ушундан жыйынтык чыгарсак, эгерде, мындан ары да ислам динине чындап берилген жарандардын санынын өсүшү ушул темп менен жүрүп отурса 20 жылдан кийин Кыргызстан исламдык өлкө болбойт деп, исламдык өлкөдө исламга негизделген идеологияны талап кылбайт деп, ким кепил боло алат. Ал эми, Кыргыз Республикасынын кабыл алынган Конституциясында жазылган кыргыз мамлекети светтик мамлекет экендигин эске алсак, демек, биз ошол өңүттө иш алып барышыбыз керек. Тарыхка кайрылсак орто кылымдарда ислам динин кабыл алып, оң менен солду бириктирген, кыргызды бир эл кылган Мухаммед Кыргыздын кыргыздарды бириктирүүдөгү идеологиясы кыргыздын санжырасы болгон. Санжыранын башында Тагай бийдин (Мухамед Кыргыздын) болушу да бекер эмес. Жалпысынан алганда исламды кыргыз эли идеология катары эмес, маданий мурас катары кабыл алган.

Жыйынтыктап айтканда, эгемендүү кыргыз мамлекетинин улуттук идеологиясынын уңгусу ислам эмес, эмнеде болуу керек дегенде: кыргыз улуттук мамлекеттүүлүк идеясы болуу керек деген Э. Каптагаевдин көз карашын колдоор элем. Ал эми, Кыргызстанга идеологиянын кайсы түрү ыңгайлуу дегенде, мен национализм менен либерализмдин аралаш формасын сунуш кылар элем. Кыргыз тилинин бүгүнкү абалын эске алганда, кыргыз тилин сактап гана калбастан, аны андан ары өнүктүрүүгө багыт алган идеология болбосо дагы бир же эки муундан кийин тилибизди жоготорубуз ал турган иш. Улут тили менен улут дегендей, тилибиз болбосо биз улут болуудан каларыбызды баарыбыз түшүнүп турабыз. Анан да жогоруда айтылгандай национализмди дайыма патриотизм, улуттук баалуулуктар, улуттук кызыкчылык, улуттук коопсуздук, улуттук аң-сезим деген түшүнүктөр жандай жүрсө, эмне үчүн бизге бул нерселерди кабыл алууга болбосун. Ал эми, эмне үчүн либерализм дегенде либерализм мамлекеттик бийликтин чектелишин, мыйзамдын өкүмдарлык кылышын, сөз эркиндигин, дин эркиндигин, менчиктин жана жекече ишкерликтин корголушун көздөсө, келечекте укуктук мамлекетти курабыз деп жатсак, биз сөзсүз идеологиянын ушул түрүн кабыл алышыбыз зарыл деп ойлойм. Ошондуктан, идеологиянын ушул эки түрүнүн синтезин карап чыгуу абзел.

## АДАБИЯТТАР


1. Койчиев Т., Брудный А. Независимый Кыргызстан: третий путь. Бишкек, 1994.
2. Кыргыз Совет Энциклопедиясы 2-т., Фрунзе, 1977, 590-б.
3. Атеизм боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү Фрунзе: Илим; 1988, 58-б.
4. Жапаров Б. Динге каршы пропаганда партиялык иштин ажырагыс бөлүгү Кыргызстан, Фрунзе, 1977, 5-б.
5. Ажыбекова К. Бизге кандай идеология керек? // Кутбилим, № 3, 27.03.2006.
6. Ишемкулов Т. Бизге кандай идеология керек? // Кутбилим, № 3, 27.03.2006.
7. Мамбеталиев А. Улуттук идеология деген эмне? // www/kg-ordo.net, 15.10.2006-ж.
8. Каптагаев Э. Бизге кандай идеология керек? // www.newskg.narod.ru/kut/ 27.01.06.
9. Сарыгулов Д. Бизге бабалардын улуу мурастарынан өткөн улуттук идеология жок.// Бишкек таймс, №16, 29.04.2005-ж.